**Окурмандык сабаттуулук боюнча PISAга багытталган тест**

**6-КЛАСС**

***Берилген текстти окуп чыккыла.***

**Белек**

Илгери-илгери бир акылдуу самурай жашаган экен. Анын шакирттери болот. Устат аларга жашоонун сырларын үйрөтчү экен. Күндөрдүн биринде, сабак учурунда, ага өзүнүн адепсиздиги жана ырайымсыздыгы менен белгилүү болгон жаш мушкер келет. Анын эң жакшы көргөн ыкмасы атайылап чатак чыгаруу болгон экен: алгач каршылашын кордоп, жиндентип, эрегиштирип согушууга чыгарчу экен. Атаандашы каарданып, каталарды биринин артынан бирин кетире берип, күрөштө жеңилип калчу экен.

Бул жолу да ушундай кылгысы келет: мушкер самурайды мазактаган сөздөрдү айтып аны эмне кылар экен деп байкай баштайт. Бирок устат сабакты кебелбей уланта берет. Бул бир нече жолу кайталанат. Үчүнчү ирет, самурай эч кандай таасир кылбай койгондо, мушкер кыжырданып кетип калат. Шакирттер мушкердин бүт кылыгын унчукпай кылдат, кызыгып байкап турушат. Мушкер кеткенден кийин алардын бири чыдабай кетип:

- Сиз анын асылганына кантип чыдайсыз? Аны согушканга чакырыш керек болчу! – дейт.

Акылдуу самурай мындай жооп берет:

- Эгер силерге бирөө белек алып келсе, аны кабыл албай койсоңор ал кимге таандык болот?

- Ээсине, - деп жооп беришет шакирттер.

- Ошол эле нерсе көрө албастыкка, жек көрүүгө жана кемсинтүүгө да таандык. Силер аларды кабыл алмайынча, алар алып келген адамга таандык болот. Бул жашоонун мыйзамы, – дептир устат.

https://www.b17.ru/blog/99471/

**Текст боюнча тапшырмаларды аткаргыла.**

**Туура жообун тегеректеп белгилегиле.**

№1. Жаш мушкерден кармаштарда каршылаштары эмнеге жеңилип калчу? Жообун жазгыла.

---

Жообу: Ачууланып, ызаланып, акылынан алдырышчу жана улам ката кетире бергенден улам.

№2. “Мазактаган” деген сөздүн маанисин белгилегиле.

А) сайраган Б) уруштурган В) маанайын көтөргөн Г) шылдыңдаган

№3. Таблицадагы ырастоолор тексттин мазмунуна туура келерин аныктагыла. Ар бир ырастоону "ооба" же "жок" экендигин аныктап, тушуна ∨ белгисин койгула.

| **Ырастоолор** | **Ооба** | **Жок** |
|---|---|---|
| Устаттын аз шакирттери болгон. | | - |
| Самурай адепсиз мушкерди жазалайт. | | - |
| Текстте самурай мушкерлерди кантип согушууну үйрөткөнү берилген. | | - |
| Устат мушкерлерди токтоо жана көтөрүмдүү болууга чакырат. | | - |
| Аңгемеде адамдын жаман жактарын белек менен салыштырган таасирдүү ой бар. | + | |
| Жаш самурай өз кылыгына уялып калат. | | + |

№4. Эмне себептен мушкердин кылыгына устат жооп бербейт?
Аны мүнөздөй турган сөздөрдү жазгыла.
Жообу: Устат акылдуу адам болгондуктан, жооп берген жок. Токтоо, сабырдуу, чыдамкай адам.

№5. Тексттеги негизги ой эмне жөнүндө?
А) Урушчаак адамды кабыл албоо
Б) Согушкан адамдарга жолобоо
В) Жакшы ойлорду кабыл алуу
Г) Терс көрүнүштөрдү кабыл албоо

## Окуу сабаттуулугу (6-класс)

| №1 Белек (1/5) 01.07.02.11.06.02 | |
|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Жашоонун маңызы<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: Бир нече (Билим берүүчү, жеке, коомдук) Тексттин тиби: туташ Татаалдык деңгээли: жогорку<br>Форматы: ачык, толук, кенен жооп берүү<br>Баалоо объектиси: Тексттин бир бөлүгүндө берилген маалыматтын негизинде тыянак чыгаруу жана жалпылоо<br>Максималдык балл:2 балл<br>Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | Ачууланып, ызаланып, акылынан алдырышчу жана улам ката кетире бергенден улам. |
| 1 | жарым-жартылай туура жооп болсо |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| №2 Белек (2/5) 01.07.02.11.06.01 | |
|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Жашоонун маңызы<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: Бир нече (Билим берүүчү, жеке, коомдук) Тексттин тиби: туташ Татаалдык деңгээли: орточо<br>Форматы: туура жообун тандоо<br>Баалоо объектиси: Контексттин негизинде сөздүн же сөз айкашынын маанисин түшүнүү<br>Максималдык балл:1 балл Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | Г) шылдыңдаган |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| №3 Белек (3/5) 01.07.02.11.06.03 | | | |
|---|---|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Жашоонун маңызы<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты издеп табуу<br>Контекст: Бир нече (Билим берүүчү, жеке, коомдук) Тексттин тиби: туташ Татаалдык деңгээли: жогорку<br>Форматы: Альтернативалуу жооптуу тапшырмалар<br>Баалоо объектиси: маалыматтын бар/жок экенин аныктоо<br>Максималдык балл:3 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик | | | |
| Баалоо системасы: | | | |
| Балл | Критерийдин мазмуну | | |
| | Ырастоолор | Ооба | Жок |
| 3 | Устаттын аз шакирттери болгон. | | - |
| | Самурай адепсиз мушкерди жазалайт. | | - |
| | Текстте самурай мушкерлерди кантип согушууну үйрөткөнү берилген. | | - |
| | Устат мушкерлерди токтоо жана көтөрүмдүү болууга чакырат. | | - |
| | Аңгемеде адамдын жаман жактарын белек менен салыштырган таасирдүү ой бар. | + | |
| | Жаш самурай өз кылыгына уялып калат. | | + |

| | |
|---|---|
| 2 | 5 же 4 жооп туура келсе |
| 1 | 3 жооп туура келсе |
| 0 | Башка жооп тандалды, же жооп жок болсо. |

| №4 Белек (4/5) 01.07.02.11.06.02 |
|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Жашоонун маңызы<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: Бир нече (Билим берүүчү, жеке, коомдук)<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: жогорку<br>Форматы: ачык, толук (кенен) жооп берүү<br>Баалоо объектиси: Тексттин бир бөлүгүндө берилген маалыматтын негизинде тыянак чыгаруу жана жалпылоо<br>Максималдык балл:2 балл<br>Текшерүү ыкмасы: эксперттик |
| Баалоо системасы: |

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Устат акылдуу адам болгондуктан, жооп берген жок. Токтоо, сабырдуу, чыдамкай. |
| 1 | жарым-жартылай туура жооп болсо |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| №5 Белек (5/5) 01.07.02.11.06.01 |
|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Жашоонун маңызы<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Текстин мазмунуна жана формасына баа берүү<br>Контекст: Бир нече (Билим берүүчү, жеке, коомдук)<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: орточо<br>Форматы: Туура жообун тандоо<br>Баалоо объектиси: автордун коммуникативдик ниетин, тексттин максатын түшүнүү<br>Максималдык балл:1 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик |
| Баалоо системасы: |

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Г) терс көрүнүштөрдү кабыл албоо |

<u>Спецификация</u>

Белек

| | Тапшырмалардын саны | | | | | % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | *Мазмундук чөйрө* | | | |
| Белек | | | | | | |
| 01.07.02.11.06.03. | 1. | | | | | |
| 01.07.02.11.06.02. | 2. | | | | | |
| 01.07.01.11.06.03. | 3. | | | | | |
| 01.07.02.11.06.03. | 4. | | | | | |
| 01.07.03.11.06.03. | 5. | | | | | |
| | | | *Компетенттүүлүк чөйрөсү* | | | |
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| Маалыматты издеп табуу | | | 1 | | | 20% |
| Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө | 1 | 1 | | 1 | | 60 |
| Текстин мазмунуна жана формасына баа берүү | | | | | 1 | 20 |
| | | | | | | 100% *жалпы* |
| | | | *Контекст* | | | |
| Бир нече (Билим берүүчү, жеке, коомдук) | | | | | | 100% |
| Тапшырманын татаалдык деңгээли | | | | | | |
| Орточо | | + | | | + | 40% |
| Жогорку | + | | + | + | | 80% |
| | | | | | | *100% (жалпы)* |
| Жооптун форматы | | | | | | |
| 1 туура жоопту тандоо | | + | | | + | 40% |
| Бир нече туура жоопту тандоо | | | | | | 20% |
| Кенен (толук) жооп берүү | + | | | + | | 40% |
| Альтернативалуу жооптуу тапшырмалар | | | + | | | 0% |
| *жалпы* | | | | | | 100% |